**“Каралды”**

ККТТИжЭКнин
Педагогикалык кеңеши

Протокол№5

“15” март 2022-ж

**“Бекитемин”**

ККТТИжЭКнин директорунун
милдетин аткаруучу ф.и.к.
доцент ____________ К.О.Ураимов

“15” март 2022-ж

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

## Т.КУЛАТОВ АТЫНДАГЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-ТЕХНИКАЛЫК, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА КОЛЛЕДЖИ



**2022-2026-жылдарга карата**

# КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-ТЕХНИКАЛЫК ИННОВАЦИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА КОЛЛЕДЖИНИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ

**Кызыл-Кыя – 2022-жыл**

# Мазмуну

1. Жалпы маалыматтар.......................................................................................
2. Миссия.......................................................................................................
3. ККТТИжЭКнин стратегиялык өнүктүрүү программасынын жалпы максаттары....
3.1. Билим берүү ишмердүүлүгү.........................................................................
3.2. Тарбия берүү ишмердүүлүгү .......................................................................
3.3. Окуу жайдын финансылык-экономикалык ишмердүүлүгү жана материалдык -техникалык базасын өнүктүрүү.........................................................................
3.4. Колледжди башкаруу...................................................................................

## 1. Жалпы маалыматтар

Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжи өлкөбүздөгү окуу жайлардын арасында эң алгачкы окуу жайы болуп эсептелет. Колледж өзүнүн ишмердүлүгүн 1932-жылы окуу жайы ачылгандан баштап жүргүзүп келет.

Азыркы учурда ККТТИжЭ колледжи өлкөбүздүн алдынкы орто кесиптик окуу жайларынын катарын толуктап, билим, илим, маданият жана спорттун тынымсыз өнүгүп келе жаткан борбору болуп саналат.

Колледждин курамын 9 цикл түзөт. Окуу жай кесипкөй адистерди (тоо-техниктер, геологтор, куручуу-техниктер, конструктор-модельер, автоо ууна-техниктер, технолог, бухгалтердик эсеп, банк адиси, салык боюнча адис, менеджер, компьютер устасы, программист, электрик, электро-механик, ачык тоо иштери, жер астындан пайдалуу кендерди казып алуу)даярдоо менен бирге аккредитациялык көрсөткүчтөрдүн талабына ылайык “колледж” деген наамга дал келет.

Учурда колледж – орто билим берүү боюнча 18 адистиктерге лицензия алып, ошонун негизинде иш алып барат.

Окуу процессинин камсыздоодо колледжде 3 илимдин кандидаты, доценттер, 2 магистр жана 10 ага окутуучулар, 65 окутуучулар эмгектенет.

## 2. Колледждин миссиясы

**Атаандашууга жөндөмдүү, иновациялык потенциалга ээ, компетенттүү адистерди даярдоо.**

## 3. ККТТИжЭ колледжинин стратегиялык өнүгүү программасынын жалпы максаттары.

Бул стратегиялык программаны иш жүзүнө ашыруунун негизгиси болуп, колледждин өз алдынча билим берүүчү окуу жай катары таанытуу жана статусун сактоо, кесипкөй адистерди даярдоодо колдонулуучу билим жана илимий борборлорду өнүктүрүү, замандын деңгээлине жараша илимий изилдөөлөрдү аткаруусун камсыздоо.

Ар кандай багыттар боюнча стратегиялык өнүгүүнүн программасы төмөндөгүлөргө багытталган;

- колледждин уюштуруу түзүмүн жакшыртуу, башкаруунун эффективдүүлүгүн жакшыртуу;

- билим берүү процессин жакшыртуу жана өнүктүрүү (мазмуну жана уюштуруу);

- окуу жайдын инновациялык ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана өнүктүрүү;

- билим алуучулардын сапаттуу контингентин түзүү;

- студенттердин, аспиранттардын, окутуучулардын жана илим изилдөөчүлөрдүн ички жана эл аралык мобилдүүлүгүн жакшыртуу жана өнүктүрүү;
- студенттердин практикалык даярдыгы окуу жай менен макулдашылган мекемелерде, практика жүзүндө өтөт;
- окуу, илимий жана инновациялык инфраструктураларды жаңылоо.

## 3.1. Билим берүү ишмердүүлүгү

**Негизги максаты** – кесиптик билим берүүнүн заманбап моделинин институтциялдык жана нормативдик түзүлүшүн камсыздоо менен экономикалык талаптарга ылайык келтирүү. Ага ээ болуу үчүн төмөнкүлөр керек болот:

- билим берүү боюнча жаңы мыйзамдарды эске алуу менен бирге нормативдик- укуктук жана илимий методикаларды ондоп жаңылоо жана аны менен окуу ишмердүүлүгүн камсыздоо;
- Кыргызстандын жана КМШ өлкөлөрүнүн маданият жана социалдык экономикалык өнүгүүсүнө керек кадрларды даярдоодо колдонулган билимдин жаңы моделин кабыл алуу жана иш жүзүнө ашыруу, жеке үзгүлтүксүз билим алуусун канааттандыруу;
- колледждин бүтүрүүчүлөрүн күчтүү, билимдүү, кесипкөй адис болууга даярдоо, аларды керектүү компетенциялар менен камсыздоо;
- окуу ишмердүүлүгүндө маалымат технологияларын кеңири, эффективдүү, системалуу колдонуу үчүн окуу жайдын ар бир бөлүмдөрүн компьютердик, мультимедиялык каааналар менен жабдуу;

**Милдеттери:**

- Ар бир жаңы келген студент окуу жайдын талаптарына ийгиликтүү адаптация болуусу, жаңы окуу программаларды тез өздөштүрүүсү үчүн алардын даярдыгынын деңгээлин оперативдүү түрдө аныктоо;
- Мамлекеттик билим берүүнүн жаңы стандартарына план менен, ырааттуу, максаттуу түрдө өтүүнү иш жүзүнө ашыруу, ошондой эле бул процесстин жүрүшүндө нормативдик документтер, илимий-усулдук, окуу-усулдук, маалыматтык материалдар менен камсыздап, көз салып башкарып туруу;
- Профессордук-окутуучулук курамдын окуу процессинин жаңы механизмдерине өтүү жолдорун түшүндүрүү ыктары, түрлөрү, окуу ишмердүүлүктүн сапатын баалоонун жаңы формаларын үйрөтүп кайра даярдоочу курстарды уюштуруу жана ишке ашыруу;
- Колледж ичинде жана окуу жайлар аралык деңгээлдеги ККТТИжЭК көрсөтүүчү билим берүүнүн кызматтарынын тизмесин түзүү жана алардын сапатын, ага болгон суроо талапты баалоочу жаңы механизмдерди жана критерийлерди иштеп чыгуу;
- Колледждин бүтүрүүчүлөрүнүн жумушка жайгашуусун камсыздоо, аларды иш ордуна жайгаштырууда өздөрү макул болуп тандаган мекемелерге жөнөтүү;

**Болжолдуу жыйынтыктары**

- «Билим берүү ишмердүүлүгү» боюнча аккредитациялык көрсөткүчтөрдү аткаруу, туура келген квалификациялык процедуралардан ийгиликтүү өтүү;
- Билим берүү, илимий-изилдөө жана профессордук-практикалык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу, атайын адистерди даярдоочу инновациялык программаларды иштеп чыгуу жана аткаруу;
- Студент окуу жайды бүткөндөн кийин алган билиминин сапаттуулугуна канааттануучу бүтүрүүчүлөрдүн санын көбөйтүү;

- Окуу жайыбыздан алган билиминин негизинде өз жашоосун, карьерасын кура алган бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу.

### 3.2. Тарбия берүү ишмердүүлүгү.

Негизги максаты – адептүү, ички дүйнөсү бай, маданияттуу жана физикалык жактан денеси чың, келечектеги кесипкөй адисти чыгаруу. Бул максаттарга жетүү үчүн ККТТИжЭ колледжи бир катар иш чараларды өткөрүп, ар дайым көңүл чордонуна алат.

Биздин бул максатыбызды ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй иш аракеттер талап кылынат:

- колледждеги кызматкерлердин маданияттуулугун өстүрүү, педагогикалык ишмердүүлүктүн маданий, адеп-ахлактык баалуулуктарын ачып берүүчү гумандык, чыгармачылык чөйрөнү түзүү;
- тарбия берүү иштери личносттун социалдык мааниге ээ болгон, өлкө үчүн өз ишмердүүлүгүмдү так аткарып, салымымды кошуу менен зарыл болгон проблемаларды чечейин деген жоопкерчиликти камтыган жарандык сапаттарды өстүрүүгө, түптөөгө багытталыш керек;
- коллджидин студенттерине социалдык жактан мүмкүн болушунча жардам берүү, камсыздоо.

**Милдеттери:**

- студенттердин өзүн-өзү башкаруу системасынын ар тараптуу өнүгүшүн улантуу, жаштардын коомдук бирикмелерин жана уюмдарын колдоо, алардын коомдук иштерине, демилгелерине дем берүү;
- колледждин бүтүрүүчүлөрүнүн окууну бүткөндөн кийин окутуучулары менен болгон байланышты үзбөө, бекемдөө;
- студенттерге, алардын өздөрүнүн багыттары боюнча иш-жүзүндө жетишкендиктерин, кыймыл-аракеттерин эске алуу менен аларга коомдук колдоонуунун түрүн кеңейтүү;
- кошумча окуу ишмердүүлүгүнүн максатын билим берүү жана башка тармактарда профессионал лидер болуп даярдалып чыгышына багыттоо;
- болочоктогу кесипкөйдү личность катары калыптанышына түрткү берүү;
- профессордук окутуучулук курамды жана окуп билим алып жаткан студенттерди социалдык жактан камсыздоочу программаларды ишке ашыруу.

**Болжолдуу жыйынтыктар**:

- Студенттердин нравалык жана жалпы жарандык сезимин жогорулатуу. Окуу жайдын жана региондорубуздун кадрдык потенциалын толуктоо максатында жаш лидерлерди тартуу;
- Билим алуучулардын жана кызматкерлердин укуктук маданиятынын деңгээлин көтөрүү;
- Студенттердин алган билимдерин жарандык аң сезимге айландыруу менен өз өлкөсүнүн жашоосун иш жүзүндө өзгөртүүгө, ага өз кызматын так аткаруу менен анын өнүгүшүнө чоң салым кошо аларына багыттоо, ынандыруу;
- Колледждин жаштарын социалдык проблемаларды чечүүгө, алардын социалдык жоопкерчилигин өстүрүүгө, ар кандай коомдук мааниге ээ болгон иш чараларга өз өлкөсүнүн жараны катары катышуу милдеттерин жогорулатуу;
- Студенттик өзүн-өзү башкаруу системасын калыптандыруу, жаштардын уюмдарын жана коомдук бирикмелерин колдоо жана алардын социалдык мааниге ээ болгон ишмердүүлүктөрүнө, демилгелерине дем берүү;
- ККТТИжЭКнин бүтүрүүчүлөрүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана кесиптик мобилдүүлүгүн жогорулатуу;

- Жашоонун көркүн көрүп, сезип, баамдап башынан өткөрүүчү студенттердин жеке сапаттарын өнүктүрүү; коомдук пикир алмашуу процессине жигердүү эстетикалык жана моралдык салым кошуу, атайын түзүлгөн адеп-ахлактык жана эстетикалык баалуулуктарга ылайык иш-аракет кылуу жөндөмдүүлүгү;

Ар кандай диний жана этникалык топтордун өкүлдөрү менен баардык кызматкерлер жана студенттер жакшы мамиледе болуусун камсыздоо, экстремисттик көз караштардын жана иш-аракеттердин алдын алуу.

### 3.3. Окуу жайдын финансылык-экономикалык ишмердүүлүгү жана материалдык техникалык базасын өнүктүрүү

**Негизги максаты** – колледждин окуу жай катары өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү камсыздоочу финансылык-экономикалык жана материалдык-техникалык базасын ирилештирүү. Аны ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- бюджеттин киреше бөлүгүн өз калыбында сактоо жана аны жогорулатуу менен колледждин ишмердүүлүгүнүн туруктуулугун камсыздоо. Билим берүү, илимий жана башка кызматтарды көрсөтүү менен тартылган каражаттардын көлөмүн көбөйтүү жана номенклатураны кеңейтүү; чыгымдарды азайтуу жолу менен финансылык каражаттардын натыйжалуу колдонулушун жогорулатуу;
- колледждин бардык ишмердүүлүктөрүн заманбап жабдуулар менен тийиштүү деңгээлде жабдуу жана ага кетчү каражаттардын натыйжалуу колдонулушун колго алуу;
- өнүгүүнүн стратегиялык багыттарына жумшалуучу каражаттарды катуу көзөмөлгө алуу;
- КР мыйзамдарына жана билим берүү программалардын лицензияларына ылайык билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө керектелүүчү КТТИжЭ колледжинин менчик имараттарын, курулуштарын, турак жайларын жана аймактарын тиешелүү тартипте кармоо.

**Милдеттери**

1. Азыркы базар шартында колледждин нин экономикалык механизмдеринин иштөөсүн жана анын башка баардык түзүлүштөрүн мыктылоо.
2. Колледждин каржылык туруктуулугун камсыз кылуу жана колледж толук кандуу иш жүргүзүү үчүн керектелген ресурстар менен камсыздоону уюштуруу.
3. Кошумча каржылоо алуу үчүн юридикалык жана физикалык жактардан спонсордук каражаттарды тартуу.
4. Студентердин жана кызматкерлердин окуу ишмердүүлүгүнө шарт түзүү максатында колледждин өнүккөн жана тынымсыз иштөөчү инфраструктурасын түзүү.
5. Китепканаларды илимий-интеллектуалдык борборлорго айландыруу, анын китептик фондун жаңылоо жана көбөйтүү, кеңейтүү, жаңы маалымат технологияларын кийирүү.

**Болжолдуу жыйынтыктар**

1. Инновациялык багыттагы ишмердүүлүктөрдү, жаңы проектилерди каржылоо.
2. Окуу корпусундагы жана жатаканадагы болуп жаткан капиталдык ремонтторду өз учурунда жүргүзүү, окуу жайдын аянттарын, кирeбериш жерлерин кайсы жыл мезгили болбосун таза кармоо.
3. Окуу корпусунун ичиндеги маалымат доскаларын, стенддерди каржылык, материалдык жактан камсыздоо жана уюштуруу. Алардын маани-маңызын, сапатын көзөмөлдөп баа берүүчү комиссия мүчөлөрүн түзүү.
4. Колледждин окутуучуларын квалификациясын жогорулатуу максатында аларды окууларга жөнөтүү.

## 3.4. Колледжди башкаруу

**Жалпы максаты** – билим берүүдөгү жаңы сапаттардын талаптарына ылайык, жоопкерчиликтүү жана сапаттуу болгон, ийгиликтерге алып барып окуу жайыбыздын өнүгүүсүнө салым кошкон билим берүүнүн системасын тандап алып, аны менен иш алып баруу. Бул максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн биз окуу жайда стратегиялык башкарууну этап менен жүргүзүүбүз зарыл:

1. Колледждин ишмердүүлүгүнө диагностикалык анализ жүргүзүү.
2. Колледждин ар кандай кырдаалдарга карабастан өнүгүүсүн камсыздоо максатында анын ишмердүүлүгүн стратегиялык план менен алып баруу, комплекстүү программаларды иштеп чыгуу.
3. Колледждин стратегиялык планын жүзөгө ашуусун башкаруу, көзөмөлгө алуу, анын приоритеттерин, этаптарын аныктап, натыйжалуулугунун мониторингин түзүү.

Ар бир этап төмөнкүлөрдү камтыйт:

- колледждин өз ишмердүүлүгүн алып барууда мамлекеттик жана жергиликтүү баардык мыйзамдарды жана нормативдик актыларды сактоо;
- окуу жайды башкарууда түптөлүп калган салт менен башкаруунун жаңы формаларын айкалыштырып башкаруу ишин уюштуруучу уюмдун структурасын оптимизациялоо;
- окуу жайдын өнүгүүсүн ишке ашыруучу, анын ишмердүүлүгүнө салым кошуучу кызматкерлерге конкреттүү талаптарды коюу, туура маалыматты камтыган саясатты жүргүзүү менен алардын байланышын, коммуникациясын бекемдеп, чыңдап өстүрүү жолу менен колледждин коллективинин туруктуулугун сактоо, анын ишмердүүлүгүн үзгүлтүккө учуратпоо;
- жумуштагы ар кандай маселелерди коллектив менен биргеликте чечүү, жетекчилер жана ар бир кызматкерлер кылган иштерин жоопкерчилик менен аткаруу, алардын өздөрүнө таандык иштерди так аныктап берүү.

**Милдеттери**

1. Колледждин ишмердүүлүгү учурунда ар кандай тобокелдерди эске алуу менен терс таасирлердин алдын алуу, аларды аныктоо.
2. Колледжде жетекчиликтин берген маалыматтары өз даректерине туура жана так жеткирилишин көзөмөлдөө.
3. Керектүү специалисттерди окутуп, даярдап чыгуу үчүн, колледждин жамааты регионалдык эмгек рыногу, жана анын ар бир сектору (мамлекеттик жана муниципиалдык мекемелер, иш каналар, ийри жана чакан бизнес структуралар) менен тыгыз байланышта болуу.
4. Үзгүлтүксүз билим берүү системасында колледждин инновациялык багытта өнүгүшүнө бүтүндөй колдоо көрсөтүү. Окуу жайда иновациалык ишмердүүлүктү башкаруучу структураны, эксперттик кеңешти түзүү.
5. Башкаруу ишинин баардык багыттары боюнча жыйынтыктардын мониторинг системасын иштеп чыгуу; зарыл болгон структуралык биримдиктерди түзүү (уюштуруучулук жана башкаруу,сапатына мониторинг жүргүзүү борбору, маркетинг кызматы жана башка), администрациянын башка билим берүү ишмердүүлүктөрүнүн субьектилери менен байланыштарды профессионалдык деңгээлде камсыз кылуу.
6. Окуу жайлар арасында жүрүүчү аттаандаштыкка туруштук берүүчү кырдаалдарды башкаруу.
7. Окуу жайдын пресстиждүүлүгүн сактап, анда окуган студенттерге жана кызматкерлерге сапаттуу кызмат көрсөтүү.

**Болжолдуу жыйынтыктар**

1. Колледждин убакыттын талаптарына, чакырыктарына татыктуу жооп бериши.
2. Сапаттуу, заманбап билим берүүдө мамлекеттин, калктын ар кандай топторунун жана жеке личносттордун талаптарын канааттандыруу.
3. Айлана-чөйрөдө болуп жаткан маданий, политикалык жана экономикалык тармактардын өзгөрүшүнө көнүгүү, адаптация болуу, билим берүү кызматтарынын ассортименттерин көбөйтүү.
4. Инновациялык билим берүү кызматтарын көрсөтүү учурунда материалдык техникалык, илимий-

усулдук, уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөрүн сарамжалдуулук менен колдонуу.
5. Стратегиялык өнүгүүнүн артыкчылыктарына топтолгон материалдык жана каржылык өзүн-өзү актай алчу, жогорку деңгээлдеги илимий жана билим берүү проектилерине түздөн-түз каржылык колдоо көрсөтүү.
6. Колледждинин баардык категориядагы кызматкерлерин жалпы командалык ишмердүүлүккө тартуу, жалпы максаттарга жана жекелик жыйынтыктарга жетүү үчүн түрткү берүүчү мотивацияны жогорулатуу.
7. Колледждин билим берүү кызматтарынын сапатына ар бир студенттинин жана кызматкердин канааттанышы, колледжде позитивдүү моралдык-психологиялык климатты бекемдөө.
8. Колледждин карамагында болгон финансылык жана материалдык каражаттарды натыйжалуу колдонуу, ошону менен бирге каржылык туруктуулукту жогорулатуу.
9. Колледждин билим берүү, илимий, маданий жана коммуникативдик ишмердүүлүктөрүнүн башка бөлүктөрүнө каражаттарды негиздүү, жоопкерчилик менен бөлүштүрүү.
10. Окуу жайда жана анын башка бөлүмдөрүндө акча каражатынын жетишпегендигинин алдын алуу, материалдык жана финансылык каражаттарды башкарууда жетекчилердин жана кызматкерлердин жоопкерчилигин жогорулатуу, каржылык дисциплинаны катуу көзөмөлгө алуу, андан сырткары чыгаша менен кирешелердин балансын кармоо.
11. Колледждин стратегиялык өнүгүүсүн ишке ашыруу механизмдери атайын биргелешип түзүлгөн программаларда, проектерде, иш пландарда көрсөтүлгөн. Ал иш пландардын аткарылышы билим берүү процессиндеги жаңыланууда, модернизацияланууда керек болгон компоненттүү, жаңы типтеги педагогдорду даярдап чыгып, биздин билим берүүчү мекемелерди камсыздайт.

ККТТИжЭ коллединде **2022-2026-жылдарга** карата бул багытта төмөнкү максаттуу программалар түзүлүп, иш жүзүнө ашууда:

1. Колледждин билим берүүнүн **сапаты бөлүмүнүн** ишин өркүндөтүү программасын түзүү жана кесиптик билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү;
2. Колледжге жаңы алынган студенттер боюнча ишмердүүлүгүнүн комплекстик программасын түзүү;
3. Орто кесиптүү кадрларды даярдоо, инновациялык илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн комплекстик программасы.
4. Коллджди маалыматташтыруу программасы.
5. Китепкананын маалыматтык интеллектуалдык борборун өстүрүү программасы.
6. Окуу жайда тарбиялык иштерди өнүктүрүүчү программа.
7. Колледждин студенттеринин коомдук иштерге активдүү катышуусун камсыздоочу программа.
8. Колледждин студенттеринин адеп-ахлактык жактан өнүктүрүүчү программа.
9. Бүтүрүүчү курстардын студенттеринин ишке жайгашуусуна алардын эмгек рыногуна көнүүсүнө көмөк көрсөтүү.
10. Жогоруда аты аталган прогарммалар жемиштүү болуп, жакшы жыйынтыктарды берсе **2026-2030-жылга** чейин узартылат.
11. Актуалдуу программалар, приоритеттүү проектилер үзгүлтүксүз иштелип чыгып турат. **2022-2026- окуу жылынан** баштап төмөндөгү атайын түзүлгөн программалар активдүүлүк менен киргизиле баштайт.
12. Колледждин окутуучулук курамын билим берүү системасынын жаңы талаптарына жооп берүүчү, заманбап багытында оптималдаштыруу. Студенттерди билим берүүдө жана башка чөйрөдөгү жумуштарда жаңы технологияларды колдонуу менен иштөөсүнө даярдоо.
13. Окуу жайда билим алып жаткан студенттердин контингентин сактап калуучу иштерди оңдоп түзөөчү, алдын алуучу системаны түзүү.

## Программаларды ишке ашырууда акчалай камсыздоо.

Окуу жайдын стратегиялык өнүгүү программасы ар тараптуу каржылоону, өнүктүрүүнү камсыз кылат, ошондой эле ар кандай максаттагы программалардын толук кандуу иштөө үчүн каржылык фонддорун түзөт.

## Программалардын ишке ашуусун башкаруу.

Колледждин ишмердүүлүгүндө замандын талабына жооп берген инновациялык программалар жана долбоорлорду иштеп чыгуу маселеси каралган жана алар төмөнкү пункттардын негизинде ишке ашат:
1. Директордун буйругу менен инновациялык проекттерди жана программаларды иштеп чыгуучу комиссиянын курамын түзүү.
2. Инновациялык проекттер жана программалар колледждин педагогикалык кеңеши тарабынан сунушталып, бекитилет.
3. Конкреттүү долбоорлордун жетекчилери дайындалат:
- «Билим берүү ишмердүүлүгүн» - окуу жана тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары,
- «Илимий изилдөө ишмердүүлүгүн» - илимий иштер боюнча директордун орунбасары,
- «Каржылык туруктуулук жана ресурстук каржылоо багыты» - боюнча башкы эсепчи, ошондой эле чарбалык иштер боюнча директордун орун басары иш алып барат.

**Алардын функциялары төмөндөгүлөр:**
- Окуу жайдын программаларды жүзөгө ашыруучу ишмердүүлүгүн уюштуруу;
- Инновациялык программаларды жана долбоорлорду жүзөгө ашыруучу аудиттерди өткөрүү;
- Программалардын негизги маселелеринин аткарылып жатышы боюнча мониторинг түзүү, ага көз салуу;
- Коюлган тапшырмаларды аткаруу үчүн кеткен каражаттарды мобилдештирүү;

## Таблица-1. Стратегиялык пландын аткаруу мөөнөтү жана жооптуу бөлүмдөр

| МАКСАТТАР | СТРАТЕГИЯЛАР | ЖООПТУУ БӨЛҮМДӨР | Аткаруу мөнөтү (жылдар) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 |
| **1-максат: ККТТИжЭ колледжинде билим берүүнүн сапатын камсыздоо** | **1.1** Кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген 2022-2026-жылдарга карата стратегиялык планды иштеп чыгуу жана бекитүү | Администрация, Окуу бөлүмү, Педагогикалык кеңешме | + | | | | |
| | **1.2.** Билим берүү сапатын камсыздоодо сапат менеджментинин документтештирилген тутумун жандандыруу | Администрация, Билим берүүнүн сапаты бөлүмү Окуу бөлүмү, Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **1.3**. Колледжде билим берүүнүн сапаты бөлүмүн ачуу | Администрация, Окуу бөлүмү | + | | | | |
| | **1.4.** Окуу жайдын академиялык беделин жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо иш чараларын уюштуруу | Администрация, Окуу бөлүмү, Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **1.5.** Көз карандысыз агенттиктерден аккредитациядан өтүүгө даярдык жана өтүү процедуралары | Администрация, Окуу бөлүмү, Цикл башчылары, окутуучулар, студенттер | + | + | + | + | + |
| | **2.1**. Колледжде даярдалуучу орто кесиптик багыттар жана адистиктер боюнча ,негизги билим берүү программаларын түзүү жана бекитүү | Цикл башчылары | + | | | | |
| | **2.2.** Иш берүүчүлөрдү чакыруу менен билим берүү программасын мониторингдөө жана мезгили менен баалоо | Цикл башчылары, Билим берүүнүн сапаты бөлүмү. | + | + | + | + | |
| | **2.3.** Ар бир окуу-жылынын аягында | Цикл башчылары,Билим | + | + | + | + | + |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2-максат: Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана аларды баалоо** | окуу тарбия жана билим берүү иш аракетинин натыйжалуулугуна баа берүү максатында студенттерден, ата-энелерден, иш берүүчүлөрдөн анкета алуу | берүүнүн сапаты бөлүмү | | | | | |
| | **2.4**. Окуу усулдук комплекстерди, силлабустарды жаңыртылган вариантта AVN маалымат системасында жана тийиштүү түзүмдүн интернет баракчасында жарыяланып туруусу | Профессордук-окутуучулук курамы | + | + | + | + | + |
| | **2.5.** Студенттер үчүн олимпиадаларды жана илим жумалыгын өткөрүү.<br>Циклдын илимий-методикалык семинарларын өткөрүү. | Илимий иштер боюнча директордун орун басары, Профессордук-окутуучулук курам, цикл башчысы. | + | + | + | + | + |
| | **2.6**. Илимий макала жазуу, жарыялоо, изилдөө ыкмалары, долбоорду иштетүүнү башкаруу боюнча окутуу программаларын уюштуруу | Илимий иштер боюнча директордун орун басары, Профессордук-окутуучулук курам. | + | + | + | + | + |
| **3-максат: Инсанга багытталган окутуу жана студенттердин жетишүүсүн баалоо** | **3.1**. Инсанга багытталган билим берүү программаларын окутуу процесстерине киргизүү боюнча семинарларды уюштуруу | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү,Окуу бөлүмү, Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **3.2** Окутуу процессинин сапатын аныктоо максатында, педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн студенттерден анкетирлөөнү өткөрүү | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү,Окуу методикалык бөлүмү, Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **3.3**. Студенттерден дисциплиналар боюнча билимин текшерүү жана баалоо методдорун иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү,Окуу бөлүмү, Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **3.4**. Инновациялык окуу-усулдук ресурстарды,педагогикалык усул- | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү,Окуу бөлүмү, Цикл | + | + | + | + | + |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | дарды, формаларды жана техноло-гияларды колдонуу боюнча семинар тренингдерди уюштуруу | башчылары | | | | | |
| | **3.5**. Структуралык бөлүмдөр өз багыттарына кирген тийиштүү жарандык коом жана кесиптик уюмдар арасында кызматташтыкты күчөтүү | Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **4.1**. Ар бир багыт, программа жана адистик боюнча маалымат пакетти даярдоо жана чыгаруу. | Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **4.2**.Мектептерде таанытуу боюнча презентацияларды өткөрүүнү өркүндөтүү жана бүтүрүүчүлөр иштеген ишканалар менен байланышты өнүктүрүү | Цикл башчылары, Профессордук окутуучулук курам, Кабыл алуу комиссиясы | + | + | + | + | + |
| **4-максат: КТТИжЭ колледжинде студенттерди кабыл алууну уюштуруу, билим берүүнүн натыйжаларын жогорулатуу жана студенттерди бүтүрүү** | **4.3**.Бүтүрүүчүлөргө таандык маалыматтык базаны өнүктүрүү | Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **4.4**.Ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу | Окуу бөлүмү, цикл башчылары | + | + | | | |
| | **4.5**.Орто кесиптик адистиктерди көз карандысыз аккредитациядан өткөрүү | Окуу бөлүмү, Цикл башчылары, Колледждин директору, окутуучулар, студенттер | + | + | + | + | + |
| | **4.6**. Студенттерди эл аралык олимпиадаларага катыштыруу | Окуу бөлүмү, Цикл башчылары, окутуучулар, студенттер | + | + | + | + | + |
| | **4.7.** АТБ нын планын иштеп чыгуу жана АӨБ нын долбооруу менен айкалыштыруу | АТБ ыны менеджери, окутуучулар | + | + | | | |
| | **5.1**. Окутуучуларды жана окутуучулук - көмөкчү курамды ишке алууда компетенттүүлүгүн, квалификациясын камтыган критерийлерди жана жоболорду иштеп чыгуу жана бекитүү | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү | + | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **5-максат: Профессордук-окутуучулук курамдын компотенттүүлүгун жана квалификациясын жогорулатуу** | **5.2**. Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын кесиптик жана жеке инсандык өнүгүүгө багытталган квалификация жогорулатуу курстарынын санын арттыруу | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Цикл башчылары | + | + | + | | |
| | **5.3**. Окутуучу-профессордук курамдын ичинен окумуштуулук наамы жана илимий даражасы бар компетенттүү окумуштуулардын санын арттыруу жана колдоо көрсөтүү | Администрация Илимий иштер боюнча директордун орун басары | + | + | + | + | + |
| | **5.4**.Эмгек акыга кошумча акыны белгилөө үчүн окутүчулук курамды аттестациялоодон өткөрүү | Администрация, Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Цикл башчылары, | | + | + | + | |
| | **5.5**. Инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча тренингдерди жана семинарларды уюштуруу | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **5.6**. Билим берүү программаларына ылайык келген окуу колдонмолорду жана окуу китептерин жарыкка чыгарууга материалдык көмөк көрсөтүү | Администрация, Башкы эсепчи | + | + | + | + | + |
| | **5.7**.Окутуучулук курамды алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө квалификацияны жогорулатуу боюнча курстарга жөнөтүү | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Цикл башчылары, Баш эсепчи | + | | + | | + |
| | **5.8**.Окутуунун инновациялык методдору жана алдынкы технологияларды колдонуу боюнча мастер-класстарды уюштуруу | Билим берүүнүн сапаты | + | + | + | + | + |
| | **5.9**.“Окутуучулар студенттин көзү менен” аталыштагы анкета алуу | Билим берүүнүн сапаты бөлүмү,Цикл башчылары | + | + | + | + | + |
| | **6.1**. Колледждин 1-окуу корпусунун фасадынын капиталдык ремонттон өткөрүү | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, | + | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **6-максат: Материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана маалыматтык башкарууну жөнгө салуу** | | башкы эсепчи | | | | | |
| | **6.2**. Колледждин 2-окуу корпусунун фойе жана фасадынын капиталдык ремонттон өткөрүү | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи | + | | | | |
| | **6.3**.Колледждин ар бир каанасына видео байкоо орнотуу | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи | | + | | | |
| | **6.4**.«Химиялык лаборатория», Физика предметтери боюнча практикалык кааналарды ачуу жана тиешелүү лаборатордук жабдыктар менен камсыздоо | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, каана башчысы | + | + | | | |
| | **6.5**. Англис тили предметини үйрөтүү үчүн лингофондук кабинеттерди уюштуруу (эки каана) | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, каана башчысы | | | + | | |
| | **6.6**. Кыргызстандын географиясы предмети боюнча кабинетти уюштуруу | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, каана башчысы | + | | | | |
| | **6.7**. Кыргызстандын тарыхы предметини боюнча (музей) кабинетти уюштуруу | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, каана башчысы | + | | | | |
| | **6.8.** «КМиТШИ» адистиги боюнча материалдык -техникалык базаны чыңдоо жана кабинеттерди уюштуруу. | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, цикл башчысы | + | + | | | |
| | **6.9.** «ТПиПСП» адистиги боюнча материалдык -техникалык базаны чыңдоо жана кабинеттерди уюштуруу. | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, цикл | + | + | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | башчысы | | | | | |
| | **6.10.** «ПОВТАС» адистиги боюнча материалдык -техникалык базаны чындоо жана кабинеттерди уюштуруу. | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, цикл башчысы | + | + | | | |
| | **6.11**.Окуу процессине керектүү компьютердик техникалар менен камсыздоо | Администрация, башкы эсепчи, цикл башчысы | + | | + | | + |
| | **6.12.** Окуу процессине керектүү интерактивдүү доскалар менен камсыздоо | Администрация, башкы эсепчи, цикл башчысы | | + | | + | |
| | **6.13.**Тейлөө кызматтары үчүн бирдиктүү терезе кызматын уюштуруу | Администрация, башкы эсепчи, окуу бөлүмү,цикл башчылары | + | + | | | |
| | **6.14.** Колледждин бардык окуу корпустарын үзгүлтүксүз интернет тармагы, AVN маалымат порталы жана жогорку ылдамдыктагы Wi-Fi менен камсыздоо | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, жаңы технологиялар жана китепкана бөлүмү | + | + | + | + | + |
| | **6.15.**Окуу залын электрондоштуруу, компьютерлер менен жабдуу | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, жаңы технологиялар жана китепкана бөлүмү | | + | | | |
| | **6.16.**Коллдежге жаңы ажатканалар куруу | Чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи | + | | + | | + |
| | **6.17.**Колледжге жаны ашкана куруп берүү жана ишке киргизүү, корпустар боюнча буфеттерди ачуу. | Чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи | + | | | | |
| | **6.18.**Колледждин 1-окуу корпусунда ар турду аземдерди өткөрүү үчүн Актовый зал уюштуруу | Чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи | | + | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **6.19.** Орто кесиптик билим берүү боюнча ар бир даярдоо багыттарын акыркы 10 жылда чыккан жаңы окуу китептери жана электрондук китептер менен камсыз кылуу | Администрация, чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, жаңы технологиялар жана китепкана бөлүмү | + | | | + | |
| | **6.20.** Окуу корпустарынын тосмолорун бүткөрүү | Чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, "СЭЗиС" циклынын окутуучулары | | | + | + | |
| | **6.21.** Окуу полигондо окуу кааналарын куруу | Чарба иштери боюнча директордун орунбасары, башкы эсепчи, окуу полигондун башчысы | + | + | | | |